DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

*Абдуллаев Р.М.*

# БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИНИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ

*Абдуллаев Р.М.*

# ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

*R. Abdullaev*

# PROFESSIONAL COMPETENCE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS

*УДК: 37.017.92*

*Макалада болочок башталгыч класстын мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелери, компетенция, компетенттүү, компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, педагогикалык чыгармачылык, педагогикалык чеберчилик, педагогикалык маданият, педагогикалык адистик маданиятынын проблемалары, түйүндүү компетенцияларды калыптандыруунун айрым жолдору, компетенттик мамиле компетенттүүлүктүн айрым элементтери жана аларды болочок мугалимдерде калыптандыруу маселелери каралган. Компетенттүүлүктүн учурдагы ааламдашуу доорундагы зарылдыгы, коомчулуктун кызыкчылыгы жана аны аткарууда билим берүү мекемесинин, педагогдордун орду жана ролу көрсөтүлдү. Кыргызстандын билим берүү системасынын билим берүүнүн натыйжалары компетенттүүлүк форматта чагылдыруусу компетенттүү мамилелердин логикасында окуучулардын окуу жана башка жетишкендиктерин комплекстүү баалоонун жаңы ыкмаларын киигизилди. Педагогдун компетенттүүлүгү анын педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык жана практикалык жактан даярдыгынын аныктоо менен,өз кесибинин чебери экендигин билгизет.*

***Негизги сөздөр**: компетенция, окутуунун технологиялары, компетенциялар, компетенттик мамиле, компетенттүү, компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, педагогикалык чыгармачылык, педагогикалык чеберчилик, педагогикалык маданият.*

*В статье рассматриваются некоторые вопросы формирования профессиональной компетентности будущего учителя начальных классов, компетенция, компетентности, компетентность в педагогической деятельности, педагогического творчества, педагогического мастерства, педагогической культуры, проблемы педагогической профессиональной культуры, некоторые способы формирования сетевых компетенций, Рассмотрены вопросы отдельных элементов. Подчеркнута необходимость компетентности в нынешнюю эпоху глобализации, интересы общества, а также роль и место учебных заведений и учителей в ее реализации. Представление образовательных результатов системы образования Кыргызстана в формате компетенций. В логику компетентных подходов введены новые методы комплексной оценки достижений учащихся и других достижений. Компетентность учителя означает, что он является мастером своей профессии, определяя его теоретическую и практическую готовность к педагогической деятельности.*

***Ключевые слова:** компетенция, технологии обучения, компетенции, компетентностный подход, компетентность, компетентность, педагогическая деятельность, педагогическое творчество, педагогическое мастерство, педагогическая культура.*

*The article discusses some issues of the formation of the professional competence of the future primary school teacher, competence, competence, competence in pedagogical activity, pedagogical creativity, pedagogical skill, pedagogical culture, problems of pedagogical professional culture, some ways of forming network competencies. Issues of individual elements are considered. The need for competence in the current era of globalization, the interests of society, as well as the role and place of educational institutions and teachers in its implementation are emphasized. Presentation of educational results of the education system of Kyrgyzstan in the format of competencies. New methods of comprehensive assessment of student achievement and other achievements have been introduced into the logic of competent approaches. The competence of a teacher means that he is a master of his profession, determining his theoretical and practical readiness for teaching.*

***Keywords:** competence, learning technologies, competencies, competence approach, competence, competence, pedagogical activity, pedagogical creativity, pedagogical skill, pedagogical culture.*

Ааламдашуу процесси өлкөбүздүн коомдук, маданий, социалдык-экономикалык багытына анын ичинде билим берүү тармагында да бир топ өзгөрүүлөргө алып келип жаткандыгы талашсыз. Муну менен заман талабына ылайык келечек муунду окутууда, тарбиялоо жана өнүктүрүүдө дагы жаңы милдеттер, талаптар коюлуп жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Башкача айтканда, окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжасын, билим берүүнүн методдорун туура тандап окутуу, заманбап, атаандаштыкка жөндөмдүү, иш билги кадрларды даярдоо мезгил талабы экендиги аныкталды.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Биз бул чакан макалада учурда заман талабына жооп берген башкача айтканда иш билги же компетенттүү педагогикалык кадрларды даярдоодо, компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүү мамиле, кесиптик компетенция жана анын элементтери туурасында сөз кылмакчыбыз.

Учурдагы коомчулуктун жашоого болгон көз-караштарынын өзгөрүүсү өлкөдөгү бардык тармактарда таасир тийгизген сыяктуу эле, келечек муунду окутуу жана тарбиялоого дагы жаны милдеттерди коюп жаткандыгы талашсыз. Себеби бүгүнкү күндөгү ата-энелердин, билим алуучулардын талабы өз регионуна гана эмес чет жактарга да өзүнүн ордун тапкан, керектүү адис болууну каалашат. Муну менен билим берүү тармагынын алдында окутуунун максатын аныктоо менен күтүлгүчү натыйжага жетүү үчүн билим берүүнүн методдору туура тандап окутуу, башкача айтканда заманбап, кесипкөй анын менен кошо атаандаштыкка туруштук бере ала турган, компетенттүү кадрларды даярдоо максаты турат.

Учурда Кыргызстандын бардык билим берүү тармактары билим берүүнүн 2015-жылдагы стандартынын негизинде көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерден аккредициялоонон өтүп жаткандыгы да өлкөбүздөгү билим берүү коомчулуктун кызыкчылыгын көздөгөн, эл аралык деңгээлге жетүү аракетинин бири десек болот. Себеби билим берүүдө кызыктар тараптардын талабы биринчи орунда тургандыгы баарыбызга маалым. Кызыктар тараптар студенттер, ата-энелер, бүтүрүүчүлөр, окутуучулар жана жумуш берүүчүлөр болуп эсептелинет. Билим берүүнүн негизги талабы студенттерге сапатуу билим берүү менен компетенттүү адистерди даярдоо, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуу болуп саналат. Компетенттүү кадрларды даярдоо учурда жогорку окуу жаларында ички жана сырткы мобидештирүү иштери жүрүп жатат. Студенттер бир гана өлкөбүздөгү билим берүү менен камтылбастан сырткы мобилдүүлүктүн жардамы менен чет өлкөдөгү жогорку окуу жайларынын тажрыйбаларын да үйрөнүп келе жатышат. Сапаттуу билим берүү үчүн кесиптике даярдоочу окуу жайлары материалдык-техникалык жактан камсыз болуу, илимий иштерди жүргүзүү менен кошо коомчулук менен да тыгыз байланышта иштөө талабы турат.

Азыркы заманбап мектепке кесиптик жагынан компетенттүү, өз алдынча ой-жүгүртө алган, психикалык жана технологиялык жактан гуманитардык баалуулуктарды практикада ишке ашырууга жөндөмдүү, инновациялык процесстерге маани берип катышкан педагог керек. Бирок, мектептеги чындыкты талдоо жана педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, педагогикалык ишмердүүлүккө даярдык деңгээли жогору болгон күндө да, жаш мугалимдин инсандык жана кесиптик адаптациясы узак жана татаал өтүшү мүмкүн. Жаш адис үчүн жаңы ишмердүүлүккө кирүү бардык ички ресурстарды иштетүүнү талап кылган күчтүү эмоционалдык чымыркануу менен коштолот.

Компененттүүлүк конкреттүү кырдаалда конкреттүү аракеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон жана атайын билимдерди, өзгөчө түрдөгү предметтик көндүмдөрдү, ой жүгүртүү ыкмаларын, ошондой эле өз аракеттери үчүн жоопкерчиликти түшүнүүнү камтыган спецификалуу жөндөм. Компетенция – предметтердин жана процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө байланыштуу жана алар менен сапаттуу, продуктивдүү ишмердик жүргүзүү үчүн зарыл болгон, өз ара байланыштуу инсандык сапаттардын (билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, ишмердик ыкмаларынын) жыйындысы. Кээ бир окумуштуулар компененттүүлүк мамиле – бул көңүлдү билим берүүнүн натыйжасына коюучу мамиле деп эсептешет, анан да натыйжа катары өздөштүрүлгөн маалыматтын суммасы эмес, адамдын ар кыл көйгөйлүү кырдаалдарда аракеттенүүгө жөндөмдүүлүгү каралат [1; 9-б.]. Көрүнүп тургандай, компоненттүүлүктүк мамиленин мааниси мектеп окуучуларында түйүндүү компоненттүүлүктөрдү калыптандырууда жатат, алар анын коомдо ийгиликтүү ыңгайлашуусун аныкташат.

Компетенттүүлүк – кесиптик кызмат адамынын күндөлүк милдеттерди аткаруу жана пайда болгон маселелерди чечүүгө болгон даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү. Компетенттүүлүк – бул адамдын өзүндө болгон ресурстары аркылуу проблема чече алуу жөндөмү жана кырдаалга жараша эффективдүү иш аракети. Мындагы түйүндүү сөз жөндөмдүүлүк.Эгерде адамда билим болсо, ал эмнени жасоо керек экендигин түшүндүрөт, билет, эгер жөндөм болсо,кантип аткарышты түшүнөт жана аткара алат. Компетенттүүлүк – кесиптик даярдыкка ээ болуу процессинде калыптануучу билимдин, көндүмдөрдүн, жөндөмдүүлүктөрүн жана жеке сапаттардын системалуу түрдөгү көрүнүшү, кесиптик ишмердүүлүктүн маани-маңызын түзүүчү, кесиптик милдеттерди ийгиликтерди ийгиликтүү чечүүгө жол ачуучу субьекттин жаңы деңгээлдеги ишмердүүлүгү. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүк жана усулдук чеберчилик сапаттарынын илимпоз М.Айдарова жеке 12 моделин сунуштаган: изилдөөчүлүк, уюштуруучулук, активдештирүүчүлүк, мамилелешүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук, башкаруучулук, аналитикалык, маалымат берүүчүлүк, түшүнүүчүлүк, насаатчылык, лидерлик компетенциялары [2, 62-63-бб.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Педагогдун компетенттүүлүгү анын педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык жана практикалык жактан даярдыгынын аныктоо менен,өз кесибинин чебери экендигин билгизет [3, 47-б.].

Педагогикалык билим берүүнүн негизги – бул мугалим, окутуучу. Ошондуктан педагогикалык билим, педагогикалык компетенттүүлүк жөнүндө айтканда, сөз мугалимдин компетенттүүлүгү жөнүндө жүрүшү маалым. Мугалимдин компетенттүүлүгүнүн белгилүү илимпоз Э.Мамбетакунов төмөндөгүчө белгилейт: жалпы маданий компетенттүүлүк, социалдык-экономикалык, укуктук компетенттүүлүк, психолого-педагогикалык компетенттүүлүк, методологиялык компетенттүүлүк, илимий-теориялык (укуктук) компетенттүүлүк, кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк жана коммуникативдик компетенттүүлүк [4, 35-б.]

Педагогикалык билим берүүгө компетенттүү мамиле жасоо системасы өзүнүн мазмунуна төмөнкүлөрдү камтыйт: мугалимди даярдоонун учурдагы максатын аныктоо, мазмунун модернизациялоо, ал процессти уюштурууну технологиялык жактан камсыздоо ж.б. Ал мугалимдин кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн сапаттуу натыйжасын жана жогорку деңгээлин камсыз кылуунун социалдык-экономикалык, психолого-педагогикалык шарты. Педагогдун жалпы, атайын жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга компетенттүү мамиле жасоонун негизги компетенттери, компетенттүү мамиленин функциялары төмөнкүлөр деп белгилейт Э.Мамбетакунов :

1. «Педагогикалык маданият», «педагогикалык чыгармачылык» түшүнүктөрүнүн заманбап мазмунуна жараша педогогдордун кесиптик билимдерин жана билгичтиктарин өнүктүрүүнүн номенклатурасын жана логикасын так аныктоого мумкүнчүлүк берет.

2. Педагогикалык билим берүүнүн мазмунунун багыттарын аныктоого жана аны конкструкциоялоого жардам берет.

3. Педагогдордун жалпы, атайын жана кесиптик компетенцияларын так аныктап алуу, келечектеги мугалим адистерди даярдоонун бардык этабында алардын кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлин аныктоонун такталган диагностикалык системасын иштеп чыгууну камсыз кылат.

4.Педагогикалык билим берүү системасында инновациялык процесстердин өнүгүшүнө позитивдүү таасир берүүнү шарттайт [4, 35-б.].

Компетенттүүлүктүк мамиле идеялары эмгек рыногундагы кырдаалды иликтөөнүн натыйжасында жана эмгек рыногунда жумушчуга карата түптөлгөн талаптарды аныктоонун натыйжасында пайда болгон. Ошондуктан мектеп өз окуучуларын аларда мобилдүүлүк, демилгелүүлүк, көйгөйдү талдоо жана өз алдынча чечимди кабыл алуу билгичтиги өңдүү сапаттарды өнүктүрүп, өзгөрүүлөргө даярдоого тийиш [5].

Компетенттүүлүктүк мамиле адамдан бүт өмүр бою окуу, жаңы кесиптик билгичтиктерди өздөштүрүүгө даяр болуу жөндөмдөрүн: алынган көндүмдөр менен билимдерди конкреттүү турмуштук кырдаалдарда мобилизациялоо, ишмердүүлүктүн предмети жөнүндө негиздүү пикир айтуу, жашоого кирген көйгөйлөрдү майнаптуу чечүү билгичтиктерин талап кылат. Ошондуктан билим берүүдөгү компоненттүүлүк мамиле жөнүндө айтышканда, билим берүүнүн натыйжалары билим берүү системасынын ичинде гана эмес, тышында да, б.а. адамдын жашоо процессинде да маанилүү болуп калуучу мамиле болжонот. Кыргыз Республикасынын Алкактык Улуттук Куррикулумунда компоненттүүлүктөр «адамдын билимдердин, билгичтиктердин жана ишмердүүлүктүн ыктарынын ар кыл элементтерин белгилүү бир кырдаалда (окуулук, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонуучу интеграцияланган жөндөмү» катары каралат [4, 5-б.]. Компоненттүүлүк мамиленин турумунан билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги түз натыйжасы түйүндүү компоненттүүлүктөр болуп калат. Компоненттүүлүктүн табиятын иликтеген бардык изилдөөчүлөр анын көп кырдуу, түрдүү мерчемдүү жана системалуу мүнөзүнө көңүл бурушат. Компетенттүүлүк: «1) компетенцияга ээ болуу; 2) бир нерсе жөнүндө пикир айтууга жол берүүчү билимдерге ээ болуу». А.В. Хуторской компоненттүүлүктү адамдын тийиштүү компетенцияга ээ болуусу, анын ага жана ишмердүүлүктүн предметине инсандык мамилесин камтыган, ал эми компетенцияны предметтер менен процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө карата берилүүчү жана аларга карата сапаттуу өнүмдүү ишмердүүлүк үчүн зарыл инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын (билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, ишмердүүлүктүн ыктарына) жыйындысы катары аныктайт. Компетенттүүлүктүн маңызын изилдөөлөрдү жалпылап, россиялык окумуштуулар компетенттүүлүк деп инсандын реалдуу турмуштук кырдаалдарда пайда болуучу көйгөйлөрдү жана типтүү маселелерди билимдерди, окуулук жана турмуштук тажрыйбаны, баалуулуктар менен ынтаалуулуктарды колдонуу менен чечүү жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү интегралдуу сапатын түшүнүүнү сунушташат. Демек, компетенттүүлүк – бул адамдын ага жана ишмердүүлүк предметине инсандык мамилесин камтыган тийиштүү компетенцияларга ээ болуусу деп түшүнүүгө болот.Түйүндүү компетенттүүлүктөр деп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мектептик билим берүүгө колдонмолуу окуучулардын көйгөйдү чечүүдөгү аныкталбагандык кырдаалында өз алдынча аракеттенүү жөндөмдүүлүгү түшүнүлөт. Алар түйүндүү деп алардын предмет аралыктуулугу, бардык предметтер үчүн жалпылыгы менен байланышта аталышат.Кыргызстандын билим берүү системасынын билим берүүнүн натыйжаларын компетенттүүлүк форматта чагылдырууга өтүшү компетенттүү мамилелердин логикасында окуучулардын окуу жана башка жетишкендиктерин комплекстүү баалоонун жаңы ыкмаларын жана формаларын иштеп чыгууну талап кылат. Белгилүү болгондой компетенттүүлүк практиканын жана предметтердин бардык комплексинен калыптанат. Мына ушундан улам калыптанышын баалоо проблемасы пайда болот. Портфолио иштеп чыгуу жогорудагы проблемаларды чечүүгө жардам берет. Портфолиодо маалыматтык мазмундагы папкаларды калыптандыруунун натыйжасында өздүк ишмердүүлүгүн системалык рефлексия жүргүзүүнүн жалпы методологиялык мамилелери камтылган. Мындан тышкары портфолио маанилүү педагогикалык милдеттерди чечүүгө жардам берет: окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүнүн динамикасын көрүүгө, окуу мотивациясын стимулдаштырууга, кошумча обьективдүү шарттарды түзүүгө жана өз алдынча окууну ишке ашырууга болгон рефлексивдүү жана баалоо ишмердүүлүктөрүнүн көндүмдөрүн калыптандырууга. Компетенттүү кадрларды даярдоонун дагы белгилүү жактарынан бири – бул жаны технологияны жакшы өздөштүрүү экендиги пандемия мезгили далилдеди. Ушуга байланыштуу учурдагы компетенттүү педагог жаны маалымат технологияларын колдоно алган адис болуусу керектиги баса белгилеп кетким келет. Азыркы мезгилде педагогика илиминде «педагогикалык технологиялар», «билим технологиясы», «окуу технологиясы», «инновациялык технология» терминдери колдонулат. «Технология» терминининин уңгусу байыркы грек тилинде «техно» – искусство, чеберчилик, аткаруучулук, ал эми «логос» – окуу, үйрөнүү деген маанилерди түшүндүрөт. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылык деңгээлде жүргүзүү жана аны үйрөнүү болуп саналат. Ал эми педагогикалык технология бул – бир жагынан окуу материалын иштеп чыгуу, аны өзгөртүү жана берүүнүн методдору менен каражаттарынын жыйындысы болсо, экинчи жагынан техникалык жана маалыматтык каражаттардын негизинде педагогдун окуучулар менен бирдикте окуу процессин жүргүзүү жонүндөгү илим болуп саналат. Педагогикалык технология окуу максатынын, билим мазмунунун, дидактикалык методдордун, каражаттардын, формалардын бири-бири менен байланышын жана аныкталышын өзүнө камтыйт. Ошондуктан акыркы мезгилдерде педагогикалык технологияңы окуу процессинин баштапкы эта-бынан акыркы этабына чейин белгиленген үлгүнү түзүү жана аны практикада түздөн-түз жүргүзүү менен аныкташат. Педагогикалык технологиянын аныктамасы ар түрдүү багытта берилет. Педагогикалык технологиянын аныкталышы эң биринчи ирээт окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн педагогика илимине «система» түшүнүгүн системасын киргизүү менен берилет, башкача айтканда педагогикалык технологияны «билим берүүнүн систематизациясы» жана «окутуунун систематизациясы» түшүнүктөрү менен байланыштырышат. Педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандырууну негизги дагы бири белгилеринен – педагогикада инновация. Инновация – бул мурда белгисиз болгон, кезиге элек, педагогиканын өнүктүрүүчү теориясы менен практикасына алып баруучу педагогикалык ишмердиктин өзгөрүүлөрүнүн мазмуну. Инновациялык педагогиканын салттуу педагогикадан айырмасы эмнеде? Билим берүүнүн эки парадигмасын салыштыруу менен алардын негиздерин табууга аракет кылып көрөлү.

Жыйынтыктап айтканда, компетент, компетенттик мамиле компетенттүүлүк жана анын элементтери жана аларды болочок мугалимдерде калыптандыруу масалелер учурдун талабы. Азыркы мезгилде ЖОЖдордо бардык педагогикалык процесстерде, тарбиялык иш-чараларда толугу менен пайдаланып, болочок мугалимдерде педагогикалык компетенттүүлүктүн жалпы маселелерин калыптандырууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2010.
2. Айдарова М.Д., Педагогикалык маданият. - Б., 2018.
3. К. Миталипов ж.б. Педагогикалык терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. - Ош-2017.
4. Э.Мамбетакунов, Педагогикалык билим берүүгө компетенттүү мамиле. - Эл агартуу журналы, 2017-ж. №5-6.
5. Лебедев О.Е. Компетентностный подход в образовании, Школьные технологии №5, 2004 г.
6. Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т. Проблемы эффективности методов обучения учащихся на компетентностной основе. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 144-147.
7. Курманкулов Ш.Ж., Раева Ч.Т. Частота применения инновационных методов учителями общеобразовательных школ. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 5. С. 143-147